КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНУ

ЖЕКЕНДИ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЧОҢ-АЛАЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЖЕКЕНДИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Жекенди айылдык Кеңешинин депутаттарын сегизинчи чакырылышынын кезектеги он үчүнчү сессиясынын

ТОКТОМУ

2026-жылдын 15-июлу № 32 Кара-Мык айылы

Көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу, муниципалдык жерлердин, парктардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу жөнүндө

Жекенди айылдык кеңештин Социалдык жана маданий маселелер, коммуналдык менчик, маалымдуулук жана жаштардын иштери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө " Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып", Жекенди айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу, муниципалдык жерлердин, парктардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу боюнча Жекенди айыл өкмөтүнүн аткарып жаткан иштери канааттандырарлык деп белгиленсин.

2. Бул токтом расмий булактарга жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Жекенди айылдык кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоодон өткөрүшсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн тиешелүү Ош юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо жагы Жекенди айылдык кеңешинин Социалдык жана маданий маселелер, коммуналдык менчик, маалымдуулук жана жаштардын иштери боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Б.Бакыбековга тапшырылсын.

Төрага **А.Амирбеков**